# эмне кылууга байъат келишим кылабыз?" - дедик. Ал: "Аллахка ибадат кылууңарга жана Ага эч нерсени шерик кылбооңорго, беш убак намазга, баш ийүүңөргө" - деп, анан акырын үнү менен: "Адамдардан эч нерсени сурабооңорго

Абу Муслим Хавлани айтат: Мага чынчыл жана сүйүктүү болгон адам айтып берди, ал мен үчүн сүйүктүү жана менин оюмда ал чынчыл, ал Ауф бин Малик (ага Аллах ыраазы болсун), ал мындай деди: Биз тогузбу, сегизби же жетиби адам Аллахтын элчисинин (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) жанында отурган элек. Ал: "Аллахтын элчисине байъат келишим-убада кылбайсыңарбы?" - деди. Биз жаңы эле байъат кылган элек. Ошого: Сага байъат кылып, убада бердик го, о, Аллахтын элчиси? - дедик. Ал дагы: "Аллахтын элчисине байаът келишим кылбайсыңарбы?" - деди. Биз колубузду сунуп: "Сага байъат келишим кылдык го, о, Аллахтын элчиси. Эми эмне кылууга байъат келишим кылабыз?" - дедик. Ал: "Аллахка ибадат кылууңарга жана Ага эч нерсени шерик кылбооңорго, беш убак намазга, баш ийүүңөргө" - деп, анан акырын үнү менен: "Адамдардан эч нерсени сурабооңорго" - деди. Чынын айтсам, кийин мен ошол адамдардын кээ бири камчысын түшүрүп жиберсе, аны алып берүүсүн бирөөдөн суранбай калганын көрдүм.

[Сахих (ишенимдүү)] [Муслим жазып калтырган]

Пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) бир канча сахабалар менен туруп, кээ бир иштерди бекем кармоого ант, келишим кылуусун алардан үч жолу талап кылат: Биринчиси: Аллах Тааланын буйруктарын аткарып, тыюуларынан тыйылып, Ага эч нерсени шерик кылбай ибаадат кылууга. Экинчиси: Күнү-түнү окула турган беш убак парз намазды калтырбай окууга. Үчүнчүсү: Шариятка каршы келбеген иштерде мусулмандарга башчы болгон адамды угуп, баш ийүүгө. Төртүнчү: Бардык муктаждыктарын Аллахтан күтүп, адамдардан эч нерсе сурабоого. Ушул сөздү айтканда пайгамбар (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактосу болсун) үнүн мурдагыдан акырынырак чыгарды. Чынында, сахабалар (аларга Аллах ыраазы болсун) берген ант-келишимдерин так аткарышты. Атүгүл, хадисти айткан киши айтат: Ошол сахабалардын кээ бири камчысын түшүрүп жиберсе, аны алып берүүнү бирөөдөн суранбай, өздөрү түшүп алганын көрдүм.

النجاة الخيرية
ALNAJAT CHARITY

لجنة الدعوة الإلكترونية
EDC
E-Da'wah Committee